## БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ПЕДАГОГИКА

УДК 372.878:78

**Мамытова Айзат Жумагазиевна**
И. Арабаев атындагы КМУнун искусство жана дизайн факультетинин музыка кафедрасы нын ага окутуучусу;
**Толтоев Алтынбек Равшанович**
И. Арабаев атындагы КМУнун искусство жана дизайн факультетинин музыка кафедрасы нын окутуучусу;
**Касымбекова Асель Темирбековна**
И. Арабаев атындагы КМУнун искусство жана дизайн факультетинин музыка кафедрасы нын магистранты.

# МУЗЫКА САБАГЫН ОКУТУУ ПРОЦЕССИНДЕ БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕП ЖАШЫНДАГЫ БАЛДАРДЫН КӨРКӨМ-ОБРАЗДУУ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮСҮН ӨНҮКТҮРҮҮ

**Мамытова Айзат Жумагазиевна**
старший преподаватель кафедры музыки факультета искусств и дизайна КГУ им.И.Ара баева;
**Толтоев Алтынбек Равшанович**
преподаватель кафедры музыки факультета искусств и дизайна КГУ им. И.Арабаева;
**Касымбекова Асель Темирбековна**
магистрант кафедры музыки факультета искусств и дизайна КГУ им. И Арабаева.

# РАЗВИТИЕ ХУДОЖЕСТВЕННО-ОБРАЗНОГО МЫШЛЕНИЯ ДЕТЕЙ НАЧАЛЬНОГО ШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА В ПРОЦЕССЕ МУЗЫКАЛЬНЫХ ЗАНЯТИЙ

**Mamytova Aizat Jumagazievna**
Teacher of the music department of the faculty of art and design of KSU named after I. Arabaev;
**Toltoev Altynbek Ravshanovich**
Teacher of the music department of the faculty of art and design of KSU named after I. Arabaev;
**Kasymbekova Asel Temirbekovna**
Magistr of the music department of the faculty of art and design of KSU named after I. Arabaev.

# DEVELOPMENT OF ARTISTIC AND IMAGINATIVE THINKING OF PRIMARY SCHOOL CHILDREN IN THE PROCESS OF MUSIC CLASSES

**Аннотация.** Бүгүнкү күндө башталгыч мектеп жашындагы балдардын көркөм-образдуу ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү маселеси билим берүү процессинде чоң мааниге ээ. Заманбап билим берүү системасы балдардын интеллектуалдык жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган. Ошондуктан, музыка сабагын окутуу процесси окуучулардын көркөм дүйнөсүн байытуу жана алардын образдуу ой жүгүртүү жөндөмдөрүн өркүндөтүү үчүн натыйжалуу куралдардын бири болуп саналат. Балдардын эстетикалык табитин, эмоциялык интеллектин жана көркөм ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүдө музыкалык билим берүүнүн орду өзгөчө. Музыка сабагы аркылуу окуучулар үндүн, ритмдин, гармониянын жана образдардын таасири менен ой жүгүртүү жөндөмүн өркүндөтүп, искусствону тереңирээк түшүнүүгө үйрөнүшөт. Азыркы педагогикада балдардын индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен алардын чыгармачылык потенциалын ачуу маселеси курч турат. Бул контекстте музыка сабагы көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдү берет. Музыканын жардамы менен балдар эмоцияларын эркин билдирип, музыкалык чыгармалар аркылуу образдарды жаратуу, фантазиясын өнүктүрүү жана чыгармачылык ой жүгүртүү жөндөмүн арттыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Музыка сабагын окутуу процессинде ар түрдүү педагогикалык ыкмаларды, инновациялык методдорду жана технологияларды колдонуу балдардын кызыгуусун арттырат. Интерактивдүү усулдар, оюн элементтери, музыкалык драматизация жана мультимедиялык технологиялар балдардын музыканы кабылдоосун жакшыртып, алардын элестетүүсүн жана эстетикалык дүйнө таанымын тереңдетет.

Бул макаланын актуалдуулугу билим берүү системасында музыкалык сабактын ролун бекемдөө жана башталгыч класстагы окуучулардын көркөм-образдуу ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү зарылдыгы менен байланыштуу. Музыка сабагын натыйжалуу окутуу усулдарын иштеп чыгуу жана аларды практикага киргизүү аркылуу билим берүү системасы окуучулардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө жана алардын эстетикалык дүйнө таанымын кеңейтүүгө чоң салым кошот.
**Негизги сөздөр:** көркөм образ, ритм, эстетикалык даам, гармония, тембр, эмоциялык сезим, руханий байлык, чыгармачылык жөндөм ж.б.

**Аннотация.** Сегодня проблема развития художественного мышления детей младшего школьного возраста имеет большое значение в образовательном процессе. Современная система образования направлена на развитие интеллектуальных и творческих способностей детей. Поэтому процесс преподавания музыки является одним из эффективных инструментов обогащения художественного мира учащихся и совершенствования навыков их образного мышления. Музыкальное образование занимает особое место в развитии эстетического вкуса, эмоционального интеллекта и художественного мышления детей. На уроках музыки учащиеся развивают свои мыслительные способности посредством влияния звука, ритма, гармонии и образов и учатся более глубокому пониманию искусства. В современной педагогике остро стоит вопрос раскрытия творческого потенциала детей с учетом их индивидуальных особенностей. В этом контексте уроки музыки открывают множество возможностей. С помощью музыки дети имеют возможность свободно выражать свои эмоции, создавать образы посредством музыкальных произведений, развивать воображение и повышать навыки творческого мышления. Использование различных педагогических методов, инновационных методов и технологий в процессе обучения музыке повышает интерес детей. Интерактивные методы, игровые элементы, музыкальная инсценировка и мультимедийные технологии улучшают восприятие музыки детьми, углубляют их воображение и эстетическое мировоззрение.

Актуальность данной статьи связана с необходимостью усиления роли уроков музыки в системе образования и развития художественного мышления учащихся начальных классов. Разрабатывая эффективные методы преподавания уроков музыки и применяя их на практике, система образования вносит большой вклад в развитие творческих способностей учащихся и расширение их эстетического мировоззрения.
**Ключевые слова:** художественный образ, ритм, эстетический вкус, гармония, тембр, эмоциональное переживание, духовное богатство, творческие способности и др.

**Annotation.** Today, the problem of developing artistic thinking in children of primary school

veloping the intellectual and creative abilities of children. Therefore, the process of teaching music

taste, emotional intelligence and artistic thinking of children. In music lessons, students develop their thinking abilities through the influence of sound, rhythm, harmony and images and learn a deeper understanding of art. In modern pedagogy, the issue of revealing the creative potential of children, taking into account their individual characteristics, is acute. In this context, music lessons offer many opportunities. Through music, children have the opportunity to freely express their emotions, create images through musical pieces, develop their imagination and improve their creative thinking skills. The use of various teaching methods, innovative methods and technologies in the process of teaching music increases children's interest. Interactive methods, game elements, musical staging and multimedia technologies improve children's perception of music, deepen their imagination and aesthetic

ing effective methods of teaching music lessons and applying them in practice, the education system makes a great contribution to the development of students' creative abilities and the expansion of

**Key words:** artistic image, rhythm, aesthetic taste, harmony, timbre, emotional experience, spiritual wealth, creative abilities, etc.

Бүгүнкү күндө башталгыч мектеп жашындагы балдардын көркөм-образдуу ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү маселеси билим берүү процессинде чоң мааниге ээ. Заманбап билим берүү системасы балдардын интеллектуалдык жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган. Ошондуктан, музыка сабагын окутуу процесси окуучулардын көркөм дүйнөсүн байытуу жана алардын образдуу ой жүгүртүү жөндөмдөрүн өркүндөтүү үчүн натыйжалуу куралдардын бири болуп саналат. Музыка – адамдын ички дүйнөсүн, сезимдерин жана чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн калыптандыруучу күчтүү фактор. Балдардын эстетикалык табитин, эмоциялык интеллектин жана көркөм ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүдө музыкалык билим берүүнүн орду өзгөчө. Музыка сабагы аркылуу окуучулар үндүн, ритмдин, гармониянын жана образдардын таасири менен ой жүгүртүү жөндөмүн өркүндөтүп, искусствону тереңирээк түшүнүүгө үйрөнүшөт. Азыркы педагогикада балдардын индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен алардын чыгармачылык потенциалын ачуу маселеси курч турат. Бул контекстте музыка сабагы көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдү берет. Музыканын жардамы менен балдар эмоцияларын эркин билдирип, музыкалык чыгармалар аркылуу образдарды жаратуу, фантазиясын өнүктүрүү жана чыгармачылык ой жүгүртүү жөндөмүн арттыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Музыка сабагын окутуу процессинде ар түрдүү педагогикалык ыкмаларды, инновациялык методдорду жана технологияларды колдонуу балдардын кызыгуусун арттырат. Музыка – бул искусствонун эң таасирдүү түрлөрүнүн бири. Ал угармандардын сезимдерине, ой жүгүртүүсүнө жана элестетүүсүнө таасир берип, ар кандай эмоцияларды жана образдарды жаратат. Музыкалык образдарды жаратуу жана талдоо – бул чыгарманын мазмунун, структурасын жана эмоционалдык маанисин түшүнүү үчүн негизги усул. Башталгыч мектеп курагы – бул балдардын эстетикалык, интеллектуалдык жана чыгармачыл жөндөмдөрүнүн активдүү өнүгүү мезгили. Музыка сабагы балдардын көркөм-образдуу ой жүгүртүүсүн өркүндөтүүдө маанилүү ролду ойнойт. Бул макалада музыка сабагында көркөм-образдуу ой жүгүртүүнү калыптандыруунун өзгөчөлүктөрү жана усулдары каралат. Көркөм-образдуу ой жүгүртүү – бул баланын музыка, сүрөт, адабият жана театр сыяктуу көркөм өнөрдүн жардамы менен айлана-чөйрөнү кабылдоосу жана түшүнүүсү. Бул ой жүгүртүү түрү эмоциялык сезимдерге, ассоциацияларга жана чыгармачылык элестөөгө негизделет. Балдар музыкалык чыгармалардын маанисин жана идеяларын образдар аркылуу түшүнүшөт.

Балдардын өздүк көркөм чыгармачылык шыгын жана жөндөмүн көркөм образдуу ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү үчүн искусствонун ар түрдүү тармактары кирет . Мисалы : ыр-хор, музыка, бий, сүрөтчүлүк, театр өнөрү, кол өнөрчүлүк ж.б. Музыка адамдын руханий байлыгына түздөн түз адеп-ахлакты алып бербейт. Музыка, адамдардын эмоциясын ойготуу менен руханий байлыгындагы уктап бара жаткан адеп-ахлактык күчтөрдү ойготот. Адам музыканын мазмунун обонун кайгыруу жана кубануу менен ар кандай эмоциялардын маани-маңызына бир канча боорукер болуп жана ички аң сезимдерибиздин ачкычы болуп калат. Балдардын көркөм образдуу ой жүгүртүүсү бала бакчадан жана башталгыч класста эле башталат. Ошол кезде балдардын сезими, ой жүгүртүүсү туура калыптаныш үчүн, элдик чыгармаларды, элдик ыр-оюндарды, көркөм чыгармачылыктардын ар кандай түрлүү образдарына жана интонациялык экспрессивдүүлүгүнө бай чыгармалар, баланын дүйнө таанымын бүтүндөй эстетикалык, адеп-ахлактык руханий маңызында калыптандыруучу каражат болуп көркөм образдуу ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт.

Музыка сабагында көркөм-образдуу ой жүгүртүүнү өнүктүрүү үчүн төмөнкү ыкмаларды колдонууга болот:

- Балдарга ар кандай музыкалык чы гармаларды угузуп, алардын эмоциялык та асирин талдоо.
- Музыканын мазмунун сүрөттөө жана окшош образдарды табуу.
- Балдарды ырдап, ритмдик көнү гүүлөрдү жасоого тартуу.
- Музыкалык чыгармалардын неги зинде сүрөт тартуу, жомок ойлоп табуу.
- Музыкага жараша кыймыл-аракет жасоо, бийлөө, дене тили менен эмоцияны билдирүү.
- Музыканын ритмин жана динамика сын кыймыл менен көрсөтүү.
- Музыкалык чыгармаларга ылайык оюн элементтерин кошуу.

- Балдарга белгилүү бир музыкалык тема боюнча кичинекей театрлаштырылган сценаларды аткартуу.
- Музыканы угуунун негизинде фантазияны өнүктүрүү.
- Музыкалык чыгармаларды ар кандай окуялар, жаратылыш көрүнүштөрү менен байланыштыруу.

**Музыканын көркөм-образдуу ой жүгүртүүгө тийгизген таасири** угуу жана аны талдоо балдардын ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүрөт, эстетикалык табитин калыптандырат. Музыканын ар түрдүү жанрларын, ритмдерин жана темптерин түшүнүү аркылуу балдар дүйнөнү жаңычылдыгы менен кабыл алууга үйрөнүшөт. Ошондой эле, музыка эмоцияны ойготуп, чыгармачылык ой жүгүртүүгө түрткү берет. Ошондуктан, башталгыч класстарда музыка сабагын, музыка жаатында окуп келген мугалимдин берүүсү керек. Бүгүнкү күндө жалпы орто билим берүүчү мектептердин башталгыч класстарынын көпчүлүгүндө музыка сабагын музыкалык билими бар адис эмес башталгыч класстын гана мугалими окутуп, ал көп учурда музыка сабагында китеп окутуу, математика ж.б. сабактардан жетишпеген балдар менен иштеп, эң керектүү учурда эстетикалык билим берилбей калып жатканы бүгүнкү күндүн көйгөйү.

Башталгыч мектепте музыка сабагы балдардын көркөм-образдуу ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө чоң салым кошот. Сабакты туура уюштуруу жана ар түрдүү методдорду колдонуу аркылуу балдар чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүп, музыканы терең сезүүгө жана түшүнүүгө үйрөнүшөт. Ошондуктан, мугалимдердин милдети – музыка аркылуу балдардын ички дүйнөсүн байытып, чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өркүндөтүү.

**Музыкалык образ деген эмне?** Музыкалык образ – бул белгилүү бир музыкалык чыгармадан пайда болгон сезимдик жана ассоциациялык көрүнүш. Ал угармандарга ар кандай сезимдерди тартуулоо менен чыгарманын негизги идеяларын чагылдырат. Музыкалык образдын негизги элементтери: мелодия, ритм, гармония, тембр. Булар музыкалык чыгарманы негизги жүрүшү, анын эмоционалдык багытын, музыкалык чыгарманын динамикасын жана кыймылын, үндөрдүн айкалышуусун, чыгарманын толуктугун камсыз кылып, музыкалык аспаптардын жана үндөрдүн уникалдуу боёктору болуп беришет.

Музыкалык образдарды жаратуу көптөгөн факторлорго байланыштуу, аларга композитордун чыгармачылык ыкмалары, аткаруучунун интерпретациясы жана угармандын кабылдоосу кирет. Бул процесс төмөнкү этаптардан өтөт:

**Идеяны жана теманы аныктоо, музыкалык каражаттарды колдонуу: м**елодия, ритм жана гармония аркылуу образ түзүлөт, оркестровка жана аранжировка колдонулуп, чыгарманын мааниси байытылат. Ал эми музыканттар музыкалык образдарды угармандарга жеткирүүдө маанилүү ролду ойношот, аткаруучу динамиканы, темпти жана экспрессияны туура колдонуу менен образды жандандырат, музыкалык маданиятты тереңирээк түшүнүүгө жардам берет.

Музыкалык образдарды жаратуу жана талдоо – бул чыгарманын мазмунун жана эмоциялык таасирин тереңирээк түшүнүү үчүн өтө маанилүү процесс. Ал угармандардын эстетикалык сезимин өнүктүрүп, музыканы терең кабыл алууга көмөк көрсөтөт. Ошондуктан, музыка сабагында жана профессионалдык музыкалык чөйрөдө бул маселеге өзгөчө көңүл буруу зарыл.

Азыркы мезгилде мектепке жогорку педагогикалык окуу жайынын бүтүрүүчүсүнүн деңгээлинде педагогикалык билими бар универсалдуу музыкант талап кылынат. Ал эми музыкалык билимде мектеп окуучуларын тартуу аркылуу пайда болгон кызыгууну жарата турган шарттарды түзүү биринчи орунга чыгат. Анткени андан ары ал ынанымга айланат, ал окуучулардын дүйнө таанымынын бир бөлүгүн түзөт. Ал эми окутуу эң маанилүү принциптерге, ишмердүүлүк жана чыгармачыл мамилеге негизделген болушу керек. Бул жагынан иш-аракеттин түрлөрүнүн ичинен чыгармачылыкка багытталгандары басымдуулук кылат, анткени чыгармачылык ар дайым чыныгы кызыгууну жаратып келген жана ойготот. Аларга музыкалык аткаруучулук ишмердүүлүк (вокалдык, хор, аспаптык, импровизация, музыка ойноо), ошондой эле музыканы жана компьютердик технологияларды активдүү колдонуу кирет [2].

Башталгыч мектепти бүтүргөндөн кийин «музыка сабагын үйрөнүүнүн натыйжасында окуучу: билет/түшүнөт: - Кыргыз Республикасынын гимнинин сөздөрүн жана обонун; - «композитор», «аткаруучу», «угуучу» түшүнүктөрүнүн маанисин; - музыкада үйрөнгөн жанрлардын жана формалардын аталыштарын; - элдик ырларды, туулган жер

дин музыкалык салттарын (майрамдар жана ырым-жырымдар); - үйрөнгөн чыгармалардын жана алардын авторлорунун аттарын; - кыргыздын эң белгилүү музыкалык аспаптарын; - ырдоо үндөрүн, оркестрлердин жана хорлордун түрлөрүн; жасай алат: - үйрөнгөн музыкалык чыгармаларды таанууга жана алардын авторлорунун фамилияларын атайт; - музыканын негизги жанрларын аныктайт (ыр, бий, марш); - музыкалык чыгармалардагы (үзүндүдө) мүнөздү, маанайды жана билдирүү каражаттарын (обонун, ритмин, темпин, тембрин, динамикасын) аныктайт жана салыштыра алат; - музыканын маанайын жана анын ырдоодогу, музыкалык жана пластикалык кыймылдагы, элементардык музыкалык аспаптарда ойноодо өзгөрүүлөрүн бере алат; - вокалдык чыгармаларды коштоо менен жана коштоосуз аткара алат; - бир нече элдик жана композитордук ырларды аткара алат (окуучунун тандоосу боюнча); алган билимдерин жана көндүмдөрүн практикалык иштерде жана күнүмдүк турмушта колдонуу үчүн: - элдик, классикалык жана заманбап музыканын көркөм үлгүлөрүн кабылдайт; [1. 2024, №4/1 117] - тааныш ырларды аткара алат; - коллективдүү ырдоого катышат; - элементардык музыкалык аспаптарда музыка ойной алат; - музыкалык таасирлерди ийкемдүү кыймыл, көрсөтмө сүрөт каражаттар менен берүү ж.б. Мына ушул талаптарга токтоло турган болсок, музыка мугалими өзү да көп нерсени билиши керек жана бул билимди окуучуларынын бере билиши керек экени айдан ачык. Демек, келечектеги музыка мугалиминин музыкалык теориялык дисциплиналар жана негизги музыкалык аспап боюнча даярдыгынын деңгээлине эң жогорку талаптар коюлган.

Көптөгөн музыкалык окуу жайларында эбак калыптанып калган концерттик жана аткаруучулук багыт бүгүнкү күндө коомдун кызыкчылыгына жооп бербей калды. Кадрларды даярдоодогу мындай тар профессионалдык багыт, белгилүү болгондой, консерватория менен искусство институттарына гана эмес, ошондой эле педагогикалык жогорку окуу жайларынын музыкалык факультеттерине да мүнөздүү, бул алардын мындан аркы ишке орношуусун кыйындатат. Азыркы мезгилде мектепке жогорку педагогикалык окуу жайынын бүтүрүүчүсүнүн деңгээлинде педагогикалык билими бар универсалдуу музыкант талап кылынат. Ал эми музыкалык билимде мектеп окуучуларын тартуу аркылуу пайда болгон кызыгууну жарататурган шарттарды түзүү биринчи орунга чыгат. Анткени андан ары ал ынанымга айланат, ал окуучулардын дүйнө таанымынын бир бөлүгүн түзөт. Ал эми окутуу эң маанилүү принциптерге, ишмердүүлүк жана чыгармачыл мамилеге негизделген болушу керек. Бул жагынан иш-аракеттин түрлөрүнүн ичинен чыгармачылыкка багытталгандары басымдуулук кылат, анткени чыгармачылык ар дайым чыныгы кызыгууну жаратып келген жана ойготот. Аларга музыкалык аткаруучулук ишмердүүлүк ошондой эле музыканы жана компьютердик технологияларды активдүү колдонуу кирет [2]. Мындай универсалды даярдоо вокалдык-хордук, музыкалык-теориялык жана аспаптык даярдыкка негизделиши керек, аны жогорку профессионалдуу педагогикалык кадрлар ишке ашырууга тийиш экендигине биз ишенебиз. Музыка сабагын кызыктуу кылуу жана өзүнө тартышы үчүн мугалимдердин өздөрү музыка дүйнөсүнө сугарылышы керек. Мугалим ырдагысы келген каалаган ырды нота менен да, укканынан да ишенимдүү ойноого, синтезаторду эркин колдонууга, фонограммаларды, аранжировкаларды ж.б. жаза билиши керек. Студенттерди инструменталдык жактан да ярдоодо салттуу аспаптарда ойноо боюнча алардын чеберчилигин андан ары жогорулатууга гана эмес, ошондой эле, мисалы, санариптик пианино жана синтезатор сыяктуу жаңы инструменттерге да басым жасоо керек. Электрондук музыкалык аспаптар профессионалдык жана ышкыбоздук чөйрөдө барган сайын кеңири жайылууда, ошондуктан аларды үйрөнүү үчүн дисциплиналарды окуу процессине киргизүү зарылчылыгы шексиз. Анткени, алардын техникалык мүмкүнчүлүктөрү (тембралдык, акустикалык, ритмдик стиль), автоматтык түрдө которуу функциялары, акырында – таза күүлөө, аспаптын компакттуулугу жана жеңилдиги келечектеги мугалимдердин ишин бир топ жеңилдетип гана тим болбостон, алардын окуучуларынын фактыга таянган музыкалык билим алуу үчүн умтулуусун да жаратат [1. 2024, №4/1 118].

Учурдагы коомдогу руханий кризистик абал жаштардын маданий деңгээлинин төмөндөп кетүүсүнө түрткү болду. Бул муундан-муунга өтүп келе жаткан адеп-ахлак баалуулуктарынын жоголуусун шарттап, жаштардын руханий баалуулуктарынын өзгөрүүсүнө алып келди. Мындай кырдаал жаштардын руханий маданиятын калыптан

дыруу жаатында педагогикалык коомчулуктун жоопкерчилигин күчөтүү зарылчылыгын жогорулатты. Мына ушуга байланыштуу коомубузда инсандардын музыкалык-эстетикалык маданиятын калыптандыруу маселеси өзгөчө актуалдуулукка жетти. Бул проблема боюнча жаштарга музыкалык-эстетикалык тарбия берүү жаатында аткарылган иш чаралар, малекет тарабынан көтөрүлүп жаткан демилгелер маданият жана билим берүү багытында эмгектенип жаткандар үчүн дагы да жигердүү эмгектенүүгө милдеттендирет. Анткени коомубуздун ар бир инсаны ар тараптуу өнүккөн, руханий деңгээли бийик, өз элинин маданиятын, тарыхын, тилин, динин, каада-салтын терең үйрөнгөн жана ага аздек мамиле жасаган патриот инсанга айланганда гана саясий-экономикалык ийгиликтер жараларына шек туулбайт [3].

Жыйынтыктап айтканда башталгыч мектеп жашындагы балдардын көркөм-образдуу ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүдө музыка сабагынын ролу чоң. Музыка – бул эстетикалык тарбиялоонун негизги каражаттарынын бири болуп, балдардын чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө, ой жүгүртүү жөндөмүн өркүндөтүүгө жана эмоциялык интеллектин өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

Изилдөө көрсөткөндөй, музыка сабагында окутуунун инновациялык методдорун жана интерактивдүү ыкмаларын колдонуу балдардын элестетүүсүн, эстетикалык сезимин жана эмоциялык дүйнөсүн байытууда маанилүү роль ойнойт. Балдар музыкалык чыгармалар аркылуу айлана-чөйрөнү, адамдын ички дүйнөсүн, каармандардын образдарын тереңирээк түшүнө башташат. Бул алардын көркөм-образдуу ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүрүп, чыгармачылык менен ойлоосуна жардам берет. Музыка менен иштөөнүн негизинде балдар музыкалык чыгармаларды угуу, аткаруу жана талдоо аркылуу жаңы образдарды жаратып, өз ойлорун эркин билдирүүгө үйрөнүшөт. Бул алардын чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатып, эстетикалык даамын калыптандырууга жардам берет. Ошондой эле, музыка сабагында топ менен иштөө, ансамблдик ырдоо жана инструменталдык ойноо аркылуу коммуникативдик көндүмдөрү өнүгүп, бири-бири менен кызматташуу жөндөмү бекемделет. Мындан тышкары, изилдөө музыка сабагында ар түрдүү окутуу усулдарын колдонуу – оюн методдорун, драматизацияны, көркөм баяндамаларды, мультимедиялык технологияларды киргизүү балдардын кызыгуусун арттырып, аларды терең ойлонууга жана чыгармачылык изденүүгө түрткү берерин көрсөттү. Музыка балдардын эмоционалдык абалына түздөн-түз таасир этип, аларда боорукердик, аруулук, сулуулукка умтулуу сезимдерин өрчүтөт.

Жалпылап айтканда, музыка сабагы башталгыч мектеп курагындагы балдардын көркөм-образдуу ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүнүн эң натыйжалуу каражаттарынын бири болуп саналат. Музыкалык билим берүү аркылуу балдар эстетикалык дүйнө таанымын калыптандырып, чыгармачылык жөндөмдөрүн өркүндөтөт. Ошондуктан, мектеп программасында музыка сабагынын ордун бекемдөө, окутуу методдорун жаңыртуу жана практикалык көндүмдөргө басым жасоо заманбап билим берүүнүн маанилүү багыттарынын бири болушу зарыл.

**Адабияттар:**

1. Артыков К., Нусубалиева Г. "Азыркы музыка сабагынын мугалимин даярдоонун өзгөчө милдеттери" [Тема]. И. Арабаев ат. КМУнун жарчысы 2024, №4/1, 116-118бб
2. Касей М. Кыргыз элдик аспаптык аткаруучулук өнөрүнө окутуунун усулу. Окуу куралы. – Б., 2015. – 168 б
3. К. Жакыпов, Султанова А. "Ааламдашуу мезгилиндеги инсандын музыкалык-эстетикалык маданиятынын калыптануу проблемасы билим берүү процессинде" [Тема]. И. Арабаев ат. КМУнун жарчысы 2017